*Мустапаева А.Ж.*

# ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЫРЛАРЫНДА САЛЫШТЫРУУНУН ПОЭТИКАЛЫК ОБРАЗ ТҮЗҮҮДӨГҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Аннотация:** Бул макалада Т.Кожомбердиевдин поэзиясындагы салыштыруу стилдери жөнүндө айтылат.

**Салыштыруу**-кептин стилдеринин табиятына ылайыкталып, түрдүү структурада колдонулган троптун түрү жана кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын көрө билип, салыштырабыз.

Көркөм адабиятта «салыштыруу көркөм образдарды ачык жана так түзүүгө гана эмес, жеке адамга тиешелүү өзгөчөлүктөрдү даана чагылдырууга, тексттеги тигил же бул окуяны сүрөттөөгө, сөз маанисин кеңири түшүнүүгө мүмкүндүк берет».

Троптун бул түрү – кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын кыртышында калыптанган соң профессионалдык адабиятына өткөн десек болот. Демек, ал лирикалардан баштап,эпикалык жанрларга чейин автордун оюн, түркүн мүнөздөрдү, көрүнүштөрдү, окуяларды образдуу чагылдырууга кызмат кылып келген жана ал кызматын уланта берет.

Турар Кожомбердиев да троптун башка түрлөрүндөй эле салыштырууну лирикаларында жана эпикаларында чыгармачылык менен кеңири пайдаланган.

Алсак:

Ойлоп көрсөң турмуш деген кызыктай,

Кээде кыйнап **<u>сызгырылтат сызыктай.</u>**

Анан кайра ак көңүлү кармаса,

**<u>Аймап ийет колу-башты мышыктай.</u>**

Кээде турмуш баткагына тебелеп,

**<u>Айдап жөнөйт-сенсиң кудум эбелек</u>**

Анан кайра мээрим сала калгандай,

**<u>Ажарлантат ак жамгырын себелеп.</u>**

**<u>Сылык кыздай сыйлап турат ийменип,</u>**

Сылап гана тургуң келет жонунан.

(«Чиркин, турмуш»)

Салыштыруу негизги төрт элементтин катышынан куралат: 1)окшогон нерсе; 2)окшотулган нерсе;3)окшош белги; 4)окшоштукка кошумча каражаттар (-дай,-ча мүчөлөрү, сыяктуу, сыңары, окшош, бетер, куду өңдүү деген кошумча кызматчы сөздөр). Мына ушул төрт элементтин болушу салыштыруу түзүүнүн негизги материалы болуп саналат.андай болгон учурда, жогорудагы ырда **турмуш-** салыштырылуучу объект (окшогон нерсе), **сызгырылтат сызыктай, аймап ийет мышыктай, кудум эбелек,ажарлантат ак жамгырын себелеп, сылык кыздай** –салыштырылган субъект (окшоштурулган нерсе)

Күн уяга батып кетпей токтолуп,

**Күлгүн нурлар** улам барат буталып.

**Билинбестен табы кеткен чок болуп,**

Бир үйлөсөң кеткен турат тутанып.

Суйдаң булут **кочкул тартып коюлуп**,

Жайытынан малдар кайтты тоюнуп.

Теректердин көлөкөсү узарып,

**Теменедей ичкерүүдө, чоюлуп.**

(«Күүгүм түшөөр алдында»)

Бул ырда салыштырылуучу объектиге салыштырылган образда (субъектиде) башка мaанилерге (эмоционалдык,экспрессивдүү маанилерге) караганда, белги -касиеттерди баалоочу мани басымдуулук кыларлыгы жогорку берилген саптардагы **күлгүн нурлар, табы кеткен чок, кочкул тартып, теменедей ичкерүүдө** сөздөрүнөн көрүнүп турат.

Ырдагы акындын негизги идеясы- курчап турган табияттын сырларынын тазалыгын, кооздугун, улуулугун поэзиянын тили менен чагылдыруу. Ошол максатын ишке ашыруу үчүн поэтикалык салыштырууларга, семантика-стилистикалык мааниси өзгөчө сөздөрдү тандаган. **Күн нурларын-пендезаттын азыгы, булуттарды, теректерди –тирүүлүктүн белгиси** катары окшоштурганы бекеринен эмес.

Демек, поэтикалык салыштыруунун жандаган эпитети болсо, окшоштуктун белгисин көрсөткөн сөздүн стилистикалык-баалоочулук мааниси тереңдеп, эмоционалдык-экспрессивдүү боёктуулугу андан да коюуланып, сүрөттөлгөн же баяндалган нерсенин образы дана ачылып, ырдын көркөмдүк эстетикалык таасирдүүлүгү жогорку жана төмөндө мисалга келтире турган саптардан баамдоого болот:

Булуттар – **аппак канаттай.**

Булуттар – **актай барактай.**

Кызматтан калчу немедей,

Кыр ылдый түштү таң атпай

(«Шашкан булуттар»)

Күн нуру төгүлүп,

Күрткүлөр сөгүлүп.

**Ачыткан камырдай,**

Айдоолор көбүрүп

Аскалар улуйт, **ботодой**

Ак карсыз калып, **сотодой.**

(«Аскалар-дансыз сотодой»)

Көлдүн үстү

Тегиз эле **тактайдай,**

Көлдүн үстү

Ак чардаксыз-**актайдай.**

Көл үстү

**Кызыл түстүү эрин окшойт,**

Көл үстү

**Кызыл жүздүү келин окшойт.**

(«Көл үстү»)

Ыр саптарындагы сын атоочтук **аппак, актай, ачыткан камырдай, ботодой, сотодой, тактайдай, актайдай, кызыл түстүү, кызыл жүздүү** эпитеттери объектиге окшотулган белгилерди өзгө шөкөттөп, стилистикалык –баалоочулук маанисин күчөтүлүп поэтикалык образ түзүлдү.

Байыркы грек философиясында дүйнөгө тутка болуп турган стихиялар катары **жер (топурак), суу (булут), аба (шамал), от (Күн)** эсептелген. Турар Кожомбердиевдин поэзиясында мына ушул стихиялардын аталыштары түздөн-түз же кыйыр түрүндө поэтикалык образ түзүүгө жөндөн-жөн эле көрүнүш эмес. Ушул өңүттөн алып караганда , табият же жаратылыш көрүнүштөрүн ачуу акындын улуулугунун белгиси.

Акындын лирикаларында салыштыруунун субъектилери адам назарына жакындыгы менен окурмандын сезимине тез илинет. Алсак,айрыкча сүйүү лирикаларында:

Добушуң **күмүш сымал,**

Жагымдуу шыңкылдаган.

Саамайың **кундуз сымал,**

**Кулпунуп жылтылдаган**.

**Жибектей назик селки,**

Сүрдөнтүп көз карашың.

**Апаппак жел кайыктай,**

Алыста калкылдаган

Күн тийген зоока сымал,

**Күзгүдөй жалтылдаган**

Кумар көз карындашым («Кумар көз»)

Жаштык оргуп нурдуу жүзүңдөн,

**Эрдиң таттуу ширин жүзүмдөн**

(«Алгач сүйүү»)

**Алмадай болуп кубаныч,**

Албырып турду жүзүңдө.

**Оймоктой болгон эриниң,**

**Окшошуп бышкан жүзүмгө** («Ажайып элес»)

**Жылдыздайсың**

Кең асманда жымыңдап, түмөндөгөн,

**Дайрадайсың**

Эч убакта соолубаган, түгөнбөгөн.

(«Сагыныч ыры»)

Бул ыр саптарында берилгендей **таттуу ширин жүзүм, оймоктой эрин, күмүш сымал, кундуздай, күзгүдөй жалтылдаган,апаппак жел кайыктай,жылдыздай, дайрадай** деп ак дилден чыккан не бир керемет ой- сезимин салыштыруунун белгиси катары алып, элестүү образ түзүүгө оюндагысын таамай айтууга жетише алгандыгы байкалат.

Айрым учурда жаш баланын юморлуу, бирок ак дилден чыккан ой-сезимин жаш балдардын жум-турумундагы көрүнүштөрдү туюнта алган:

Балалыгым **кызгалдактай жайнаган.**

Балалыгым **арашандай кайнаган.**

Далай жылдар өтсө дагы арадан,

Да бир ирет көргүм келет кайрадан.

(«Балалыгым»)

**Тоодой** болсо бириси,

**Топчудай** бар тигиси,

Жер майышат экөөнөн,

Жеңээр экен кимиси?

(«Чиркей менен төө»)

Турар Кожомбердиев адамдын оюна келбегендерди, окшобогондорду окшоштуруп кое алганы , таң каларлык образдуу салыштыруулары менен өз калемдештеринен айырмаланат. Адамдын мүнөзүндөгү, кыял-жоругундагы, кебете-кепшириндеги белгилердин өтө мүнөздүүлөрүн, элестүүлөрүн туя алат жана тил каражаттарын чебер уста катары кынаптап пайдаланып ал көрүнүштөрдүн образдарын түзүүнүн чебери:

Биздин жүрөк **күзгүдөй,**

Көргөнүн жашырбаган.

Биздин жүрөк **оорудай,**

Өмүр бою басылбаган.

(«Оймоктой ойлор»)

Демек, биз сөз кылган акындын лирикалык көркөм идеяларында майда нерсе жок, биз туя албаган көрүнүш, кубулуштардан да Турар Кожомбердиев күтүлбөгөн салыштыруулары менен ойго келбеген окшоштуктарды таап чыгып, окурмандарын таң калтырат. **«Багынбаган убакыт »** деген ырында:

Ким үйрөт убакыттай **азоону?**

Кирген суудай **оргуштаган** жашоону

**Уч-кыйырсыз** баш-аягын түгөлдөп,

Убакытты ким багынтат жүгөндөп-деп, убакыттын тездигин күндөлүк турмушта кездештирип эле жүргөн көрүнүшкө, бирок окшоштугу ойго келбеген көрүнүшкө салыштырганы жана жандуу образ жаратканы көрүнүп турат.

Акындын ушундай ойго келбеген салыштыруулары турмушту дал өзүндөй көркөм романтика менен туюу, кайра ошол көркөм поэтикалык романтиканы тил каражаттары менен окурмандардын көркөм –эстетикалык табитин ойгото, таасир эте турган деңгээлде берүү нукура таланттын гана колунан келүүчү иш. Тубаса талант гана чыныгы искусствонун деңгээлиндеги ушундай табигый ырларды жаза алат.

Жыйынтыктап айтканда, Турар Кожомбердиев –өз элинин каада-салтын, руханий маданиятын, философиясын, турмушун, тилин терең билген жана баалай билген акын. Турар Кожомбердиев ырларындагы поэтикалык салыштыруу аркылуу төмөнкүдөй поэтикалык табылгаларды жараткан:

1. Салыштыруу троптун башка түрлөрүнөн грамматикалык, лексика-семантикалык структурасы жагынан гана өзгөчөлөнбөстөн, стилистикалык функциясы боюнча да өзгөчөлөнөрүн акын өз чыгармаларынан көрсөттү

2. Акын сөз тандоо факторун ойдогудай ишке ашыруу менен поэтикалык салыштыруунун жаңы формаларын тапкан

3. Салыштыруунун курамындагы тигил же бул элементине эпитет жалгаштыруу менен поэзиясынын эстетикалык таасирдүүлүгүн арттырган.

Ошентип, көркөм чыгармада салыштыруунун тилдеги образдуу каражаттардын ичинен кызматы чоң экендиги жана бул каражаттар чыгарманын идеялык-көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдө өзгөчө роль ойной тургандыгын, Турар Кожомбердиев салыштырууга өзгөчө мамиледе болгондугунан байкалат башкача айтканда, акын кайсы гана темада жазбасын, салыштыруунун семантика-стилистикалык маанисине ылайык кылдат тандоонун чебери.

**Адабияттар**:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Бишкек ,2000.

2. Кожомбердиев Т. От өчпөгөн коломто. Фрунзе:1972

3. Кожомбердиев Т. Ай тийген тоо. Фрунзе:1981

4. Кожомбердиев Т. Кыл чокулар. Фрунзе: 1988

5. Шериев Ж., Муратов А. Кыргыз адабияты терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек: 1994

6. Кудайбергенов С., Турсунов А. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. Фрунзе:1983

7. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили. Фрунзе:1990

8. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан. Фрунзе: 1980

***Рецензент: ф.и.к., доцент Чоробаева Н.А.***